**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

# А Н Ы К Т А М А

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун
сот отурумун жылдыруу жөнүндө
өтүнүчүн кароо тууралуу

2025-жылдын 15-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча соттук отурумду жылдыруу тууралуу М.М. Жорокуловдун өтүнүчүн карап чыгып,

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2025-жылдын 23-майындагы аныктамасы менен КЖПКнын 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш токтотулган. Конституциялык соттун аныктамасы менен М.М. Жорокуловдун, Т.У. Музулмановдун, С.А. Матцаковдун жана

Н.Ж. Жаныбековдун кайрылуулары боюнча соттук отурум 2025-жылдын 17-сентябрына дайындалган.

2025-жылдын 9-сентябрында Конституциялык соттун электрондук почтасынын расмий дарегине соттук отурумду 2025-жылдын октябрына жылдыруу жөнүндө М.М. Жорокуловдун өтүнүчү келип түшкөн. Негиздемесинде ал Конституциялык соттун өндүрүшүндө 2025-жылдын 25-мартында өндүрүшкө кабыл алынган Жарандык процесстик кодекстин 376-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө дагы бир өтүнүч бар экендигин көрсөткөн. Ушуга байланыштуу, арыз ээлери Ош шаарында жашагандыктан жана Бишкек шаарына баруу үчүн кошумча чыгымдарды тартууга аргасыз болгондуктан, алар эки кайрылууну бир мезгилде ырааттуулукта кароо мүмкүнчүлүгүн суранышкан, бул алардын чыгымдарын азайтууга жана убактыларын рационалдуу пайдаланууга мүмкүндүк бермек.

Конституциялык сот М.М. Жорокуловдун өтүнүчүндө келтирилген жүйөлөрдү карап чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституциялык соттун жыйналышы мыйзамда түздөн-түз каралган учурларда гана, атап айтканда: кворум жок болгондо, катышуусу милдеттүү деп таанылган тараптар, күбөлөр же эксперттер келбей калганда, сот каралып жаткан ишти жетиштүү даярдалган эмес деп тапса, талап кылынган материалдар өз убагында берилбесе, эгерде алар ишти чечүү үчүн олуттуу мааниге ээ болсо, отурумдун нормалдуу жүрүшүнө тоскоолдук кылган башка жагдайлар болгондо кийинкиге жылдырылышы мүмкүн. Мындан тышкары, Конституциялык соттун Регламентинин 70-пунктунун 3-пунктчасында тарап ишти анын катышуусу менен кароону өтүнгөн жана анын келбей калуусунун жүйөлүү себебин ырастаган учурлардан тышкары, тараптын же анын өкүлүнүн келбей калышы ишти кароого тоскоолдук кылбайт деп каралган.

Демек, колдонуудагы мыйзамдар сот отурумунун датасын тараптардын катышуусуна объективдүү тоскоолдуктар жок болсо алардын каалоосу боюнча

өзгөртүүгө жол бербейт. Арыз ээси шилтеме жасаган жагдайлар мындай негиздерге кирбейт; дайындалган күнү келүүгө мүмкүн болбогондугунун жүйөлүү жана документтер менен тастыкталган себептери көрсөтүлгөн эмес. Уюштуруучулук жана турмуш-тиричиликтик ой-толгоолор, анын ичинде келип-кетүү чыгымдарын оптималдаштырууну каалоосу сот отурумунун дайындалган күнүн өзгөртүү үчүн мыйзамда каралган негиз болуп саналбайт.

Муну менен бирге, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 45-беренесине ылайык, Конституциялык сотто иштерди кароо оозеки же жазуу жүзүндө, ошондой эле, айрым учурларда Регламентке ылайык, онлайн режиминде жүргүзүлөт. Буга байланыштуу М.М. Жорокулов жана Т.У. Музулманов техникалык жактан мүмкүн болсо, отурумга онлайн режиминде катышууга укуктуу.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 42, 45, 48, 49 жана 52-беренелерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентинин 70-пунктунун 3-пунктчасын жетекчиликке алып , Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**АНЫКТАДЫ:**

1. М.М. Жорокуловдун сот отурумун жылдыруу жөнүндө өтүнүчү канааттандырылуусуз калтырылсын.
2. М.М. Жорокуловго Регламенттин талаптарын сактоодо жана техникалык мүмкүнчүлүктөр болсо онлайн режимде соттук отурумга катышуу мүмкүнчүлүгү түшүндүрүлсүн.
3. Бул аныктама акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**